**Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча диссертациясына илимий кеңешчинин**

# ПИКИРИ

Алмазбек Дүйшөкович Ибраев Кыргыз Республикасында дистанттык билим берүүнүн проблемаларын иликтөө боюнча 15 жылдан ашык убакыттан бери эмгектенип келүүдө. Алгач ал дистанттык билим берүүнүн Кыргызстандагы абалы тууралуу, бул багыттагы пайда болуп жаткан проблемалар тууралуу иликтөө жүргүзүп, бир нече илимий конференцияларда докладдарды жасап, макалаларын илимий журналдарга жарыялады. Кийин, бул проблеманы терең изилдөө максатында «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» деген темада докторлук темасын бекитип, теориялык жана эксперименталдык иликтөөлөрдү жүргүзүп келди.

Дистанттык билим берүүнүн Кыргызстанда жана чет элде изилдениш абалын иликтеп чыкты, Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүндө дистанттык билим берүүнүн абалын жана проблемаларын аныктап чыкты. Анын негизинде Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүдө дистанттык билим берүүнү уюштуруунун концепциясын иштеп чыгып, анын методологиялык, теориялык негиздерин аныктады. Бул багытта ал дистанттык билим берүү проблемасын изилдөөнүн методдорун тактап чыкты, дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын иштеп чыгып, ар бир компонентине өзүнчө иликтөөлөрдү жүргүздү. Дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттарын дүйнөлүк илимий жетишкендиктерди эске алуу менен аныктап чыкты.

Дистанттык билим берүүдө колдонулуучу программалык жабдылыштарды анализдеп, Moodle жана AVN платформаларынын арасында салыштыруу жүргүзүп, алардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин аныктады. Дистанттык билим берүүнү практикалык ишке ашырууга арналган методикалык системанын эффективдүүлүгүн эксперименталдык түрдө иликтеп, Кыргызстандын үч жогорку окуу жайында апробациядан өткөрдү.

Кыргызстандагы дистанттык билим берүүнүн проблемаларын иликтөө боюнча ал 40 ка жакын илимий эмгектерди ата-мекендик жана чет элдик илимий журналдарда жарыялады. Анын ичинен эки макаласы Скопус базасына кирген илимий журналдарда жарыяланды.

Алмазбек Дүйшөкович Ибраевдин докторлук диссертациясында коюлган максат аткарылды, коюлган милдеттер толугу менен чечилди.

Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча диссертациясы бул проблема боюнча актуалдуу маселенин чечилишин камтыган илимий эмгек болуп эсептелет. Бул диссертациялык иш дистанттык билим берүүнүн өнүгүшүнө маңыздуу салым кошот жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаны ыйгаруу тууралуу жобосунун талаптарына жооп берет. Анын автору Ибраев Алмазбек Дүйшөкович 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Илимий кеңешчи, Ала-Тоо эл аралык университетинин**
**илимий иштер боюнча проректору**
**п.и.д., профессор,** **С.К. Калдыбаев**

Тастыктайм
24.01.2020

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
HUMAN RESOURCES